# «Тарых» предмети

Иманкулов М.К

Козубаева Б.У.

# 2021-жылдын 29-январында

- «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө» №1 Жарлыкка кол койду.
- Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгын аткаруу максатында Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим Министрлиги «Окуучу жаштарды руханий, адеп-ахлактык өнүктүрүү жана дене тарбиялоо концепциясынын» долбоору иштелип чыкты. Анда улуттук тарбиянын идеалы жана анын негизги баалуулуктары, учурдагы руханий-адеп-ахлактык өнүктүрүүнүн негизги багыттары камтылган.

# Пандемиянын айынан

- дүйнөнүн көп бөлүгүндө мектептер аралыктан (дистанциялык) окутууга өтүштү. Аралыктан окутууга чукул өтүүдөн окуучулар да, мугалимдер да кыйналышты. Айыл жерлериндеги көп окуучулардын үйлөрүндө компьютер жана интернет жок болуп чыкты. Бардык эле мектептер жана мугалимдер мындай шартта иштөөгө даяр болбой чыкты. Биринчиден, бардыгы эле интернет-сервисти жакшы өздөштүргөн эмес, экинчиден, веб-камеранын жардамы менен окуучулардын көңүлүн бурдура жана бир нерсеге үйрөтө аларына ишеними да төмөн эле.
- Мындай чукул кырдаалга даяр болбогон мугалимдер, окуучулар жана ата-энелер кыйналышты.

# Электрондук ресурстар

- 5-класстан 9-класска чейинки балдар үчүн «Билим Булагы» платформалары иштелип чыкты. Бул маалыматтык базалар, пандемия учурунда окуучуларга аралыктан окутууну уюштурууну жеңилдетти.
- **Бул электрондук ресурстардын:**
- - издеген маалыматты тез табууну камсыз кылат;
- - маалыматты өздөштүрүүдө окуучунун жеке траекториясын түзүүгө мүмкүнчүлүк берет;
- - мультимедиялык функциялардын жардамы менен окуучулардын көңүлүн үйрөнүлүп жаткан материалга топтоого шарт түзөт;
- - окуучулардын өз билимдерин текшерүүгө жана өзүн-өзү баалоого жардам берет.

# 2021–2022-окуу жылында

- «Тарых» предмети базалык окуу планында белгиленген окуу убактысынын чегинде жүргүзүлөт. «Тарых» окуу предмети 5-11-класстарда предметтик стандарт жана окуу программаларына ылайык, «Дүйнөлүк тарых» жана «Кыргызстан тарыхы» курстарынан туруп, бирдиктүү предмет катары кезектешип окутулат.

# «Тарых» предмети боюнча сабактар

- 5-6-класстарда жаны предметтик стандартка, 7-11-класстарда, колдонулуп жаткан окуу программасына ылайык, жумасына 2 саат окутулат. Мектептик документацияларда «Тарых» деген бирдиктүү аталыш менен жазылат. Негизги жана толук мектептеги мамлекеттик бүтүрүү экзамендери Кыргызстан тарыхынан тапшырылат. Ошондой эле, окуучулар ЖРТ да тарых предметинен тандоосу боюнча экзамен тапшыра алат.
-

# Тарых боюнча сабактан тышкаркы иштер

- орто мектептин базистик окуу планына жана тарых боюнча билим берүүнүн мазмунуна, ошондой эле, окуучулар менен бирдикте педагогдор түзгөн, сабактан тышкаркы иштер боюнча өз алдынча чыгармачылык (ийримдер, секциялар ж.б.) программаларына таянат.
- Тарых боюнча сабактан тышкаркы иштердин планы коюлган педагогикалык максат менен аныкталат.
- Эреже катары, сабактан тышкаркы ишмердик окуучуларды окутуунун, тарбиялоонун жана өнүгүшүнүн биримдигинин негизинде системалуу курулат.

# классстан тышкаркы иштерде төмөндөгү милдеттер:

- 1) өсүп келе жаткан муундарга өзүнүн улуттук сапаттарын сезүүгө гана эмес, ошондой эле, өзүнүн улуттук мүнөзүн өркүндөтүүгө, кайра куруугa, жаңы позитивдүү улуттук өзгөчөлүктөргө ээ болуугa жардам берүү;
- 2) өсүп келе жаткан муундарда улуттук сезимди, улуттук ар намысты, улуттук сыймыкты ойготуу;
- 3) Кыргызстандын рухун, бөтөнчөлүгүн түшүнүү, аларга тиешелүү болгон руханий дөөлөттөргө болгон ишенимин кайра жаратуу;
- 4) окуучуларда өз мекенин сүйүү сезимин тарбиялоого көмөктөшүү.

# Мектепте

- «Кыргызстандагы үй-бүлөлүк каада-салттар», «Кыргыз эл чыгармачылыгы», «Кыргыз элинин каада-салттары» сыяктуу атайын тарыхый-этнографиялык ийримдерди түзүүгө болот. Тарых боюнча сабактан тышкаркы иштердин программаларында жана пландарында окуучулардын жеке кызыкчылыктары, муктаждыктары, жөндөмдүүлүктөрү жана мүмкүнчүлүктөрү, алардын жаштык өзгөчөлүктөрү эсепке алынат.

# Август кеңешмесинде төмөнкү маселелерди талкуулоо

- Тарых предметин окутууга керектүү документтерди даярдоо жана колдонуу;
- Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров кол койгон «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө» Жарлыгына, Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө концепциясы боюнча класстык сааттарды, тегерек стол конференциялардын тематикаларын аныктоо жана өткөрүү;
- Онлайн режимде дистанциялык окутууну уюштурууда тажрыйбаны анализдөө, жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;
- Дистанциялык окутуунун шартында тарыхты окутууну уюштуруу: иштөөнүн формалары, окутуу үчүн платформалар;

- **Чоң рахмат!**